**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 5-июнундагы "2030-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндөгү" № 178 Жарлыгы жана Кыргыз Республикасын Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасын региондордун комплекстүү социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн программасын бекитүү жөнүндөгү" № 134 токтомунун алкагында Жалал-Абад облусунун Манас шаарынын 2026-2030 - жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы**

| **1-БӨЛҮМ. АЙМАКТЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ** | | |
|---|---|---|
| | | |
| Географиялык абал | *Манас шаары Жалал-Абад облусунун борборунда жайгашкан. Аймак чыгыштан Сузак районунун Барпы айыл аймагы менен, батыштан Кызыл-дыйкан айыл аймагы менен чектешет. Облустук борбордон алыстыгы 0 км. Борбордон алыстыгы 564 км. Жалал-Абад шаары 1877-жылдан бери шаар статусуна ээ, ал эми 1991-жылдын апрелинен баштап кайрадан түзүлгөн Жалал-Абад облусунун облус борбору болуп саналат. 2025-жылдын 27-сентябрынан Жалал-Абад шаары Манас шаары болуп өзгөртүлгөн. Манас шаарына аймактык-административдик реформанын алкагында 17 жаңы конуш (айылдар) кошулуп, 5 муниципалдык аймактык башкаруу жана 2 муниципалдык аймактык башкармалык түзүлгөн. Алар:*<br>*«Ч. Айтматов», «Курманбек», «Спутник», «Достук», Көк-Арт башкаруулары жана Т. Тайгараев атындагы аймактык башкармалыгы, төмөнкү калктуу конуштары: Ж. Жээнбеков (Тельман) айылы, Котур-Каман, Чапкындык, Чон Кызыл-Суу, Кыргызстан, Кызыл-суу 2, Тоо Кызыл-Суу, Ынтымак, Чолок-Терек, Гулистан айылдары менен, М.Т.Конгантиев атындагы муниципалдык аймактык башкармалыгы, төмөнкү калктуу конуштары: Таш-булак айылы, Доскана, Тош-Кутчу, Жаны Арал айылдары жана жаңы 2 кварталы менен түзүлгөн.* | |
| Жалпы аянты (Га) | 22 000 га | |
| Ландшафт жана жаратылыш шарттары | *Деңиз деңгээлинен 786 метр бийиктикте жайгашкан.* Климат мелүүн-континенталдуу, жай айы ыссык,кургак болот, июль айындагы орточо температура + 27 С, кыш жумшак, январдагы температура -2С, жыл ортосундагы абанын температурасы 12,9 С. Бир жылда 490 мм. жаан- чачын болот, кар 66 күн кармалат, күндүн жарыктыгы орточо жыл ичинде 2705 саат, суук жок учур бир жылда 223 күндү түзөт жана абанын нымдуулугу 30-40 %. 2705 сст. | |
| АА калкы (адам), аялдардын саны:<br>анын ичинде (айылдарда): | Шаар калкынын саны-184400,<br>анын ичинде аялдардын саны: *93359* | |
| СЭӨПнын максаты | СЭӨПтүн максаты:<br>Бул документ шаар экономикасынын туруктуу өсүшүн камсыз кылуу, социалдык инфратүзүмдү жакшыртуу, жаңы жумуш орундарын түзүү жана муниципалдык башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында иштелип чыккан.<br><br>Шаар аймагында айыл чарбасы өнүгүүгө багытталган, инновациялык ыкмаларды колдонуу менен экологиялык таза продукцияларды өндүрүлгөн ошондой эле жеке ишкерлерге шарт түзүү менен калк жаңы жумуш орундары менен камсыздалып, коммуналдык инфраструктурасы азыркы талаптарга жана кызмат көрсөтүүлөр шаардын элине анын | - |

ичинде аярлуу катмардагы жарандар үчүн талаптарга жооп берген шарттар түзүлөт.

Ошондой эле таза суу, байланыш, билим берүү, маданият, спорт, саламаттыкты сактоо, көрктөндүрүү жана жашылдандыруу тармактарындагы кызматтарга болгон жеткиликтүүлүк жогору деңгээлге көтөрүлөт. Ички жолдор, көпүрөлөр калыбына келтирилип, көчөлөрдү түнкү жарык менен камсыздоо иш-аракеттери ишке ашат.

## 2-БӨЛҮМ. КАЛК

### 2.1. (таблица) Калк жана эмгек ресурстары

| Категория | факт | | | күтүлг өн. | прогноз | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2023 ж. | 2024 ж. | 2025 ж. | 2026 ж. | 2027 ж. | 2028 ж. | 2029 ж. | 2030 ж. |
| **Жыл башындагы туруктуу калктын саны** (адам) | 129378 | 130899 | 184400 | 193620 | 203301 | 213466 | 224139 | 235346 |
| *Өсүш темпи %* | 3,0 | 1,1 | 40,8 | 5% | 5% | 5% | 5% | 5% |
| анын ичинде аялдар | 62622 | 63405 | 93359 | 98026 | 102928 | 108074 | 113478 | 119152 |
| **Жыл башындагы эмгекке жарамдуу курактагы туруктуу калктын саны,** (адам) | 70321 | 71976 | 103534 | 108710 | 114146 | 119853 | 125846 | 132138 |
| *Өсүш темпи (%)* | -1,9 | 2,3 | 41,26 | 5% | 5% | 5% | 5% | 5% |
| анын ичинде аялдар | 34271 | 34825 | 49195 | 51654 | 54237 | 56949 | 59796 | 62786 |
| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча **иштеген калктын саны** (адам): | 56787 | 57125 | 57774 | 58476 | 59148 | 59828 | 60516 | 70424 |
| Айыл чарба | - | - | - | - | - | - | - | - |
| **Өнөр жай:** | - | - | - | - | - | - | - | - |
| **Жумушсуздардын саны** (адам): | 622 | 256 | 138 | 130 | 127 | 123 | 119 | 114 |
| *Өсүш темпи* | | - 58,8 | - 46,1 | - 5,8 | - 3,1 | - 3,3 | -3,3 | - 4,2 |
| анын ичинде аялдар | 255 | 116 | 66 | 60 | 57 | 55 | 50 | 47 |
| **Жакырчылыктын эң төмөнкү чегинде турган калктын саны** (адам) | **2968** | **2863** | **3762** | **3572** | **3262** | **3062** | **2862** | **2500** |
| *Өсүш темпи* | | -11,17 | -10,40 | -9,60 | -8,77 | -8,37 | -7,77 | -7,10 |
| **Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны** (эл аралык миграция | 6967 | 4903 | 3688 | 3470 | 3298 | 3130 | 3045 | 2845 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| боюнча кеткендер, адам) | | | | | | | | |
| *Өсүш темпи (%)* | | -29,6 | -24,8 | -5,9 | -5,0 | -5,1 | -2,7 | -6,6 |

**2.2. Эмгекке жарамдуу калктын өсүшүн, иш менен камсыз кылуу жана эмгек миграциясы маселелерин талдоо**

Манас шаарында калктын санында туруктуу өсүү тенденциясы байкалып, 2025-жылдын 1-январына карата жалпы калктын саны 184 400 адамды түздү, анын ичинен 93 359у аялдар болуп саналат. Талдоо көрсөткөндөй, 2024-жылга салыштырмалуу 2025-жылы калктын саны 40,8%га, ал эми эмгекке жарамдуу калктын саны 41,26%га (103 534 адам) кескин өскөн. Болжолдоолорго ылайык, 2026-жылдан баштап калктын жана эмгек ресурстарынын саны жылына орточо 5% темп менен туруктуу өсүп, 2030-жылга карата жалпы калктын саны 235 346 адамга, ал эми эмгекке жарамдуу курактагылардын саны 132 138 адамга жетиши күтүлүүдө. Мындай демографиялык өсүш эмгек рыногунда активдүү чараларды көрүүнү, атап айтканда, жаңы жумуш орундарын түзүүнү, жаштарды жана аялдарды кесиптик окутууга багытталган социалдык программаларды күчөтүүнү талап кылат.

Манас шаарында 2025-жылдын 31-декабрына карата 453 адам жумуш издегендер катары эсепте турат, анын ичинде 138 адам жумушсуз статусуна ээ, алардын ичинен 56,06% жаштар, 57% аялдар түзөт. Жумушсуз жарандарга ишке орношууга жардам берүү максатында эмгек рыногунда активдүү чаралар көрүлүп жатат. Мисалы, 2025-жылы 362 жаранга бош жумуш орундарга орношууга жардам көрсөтүлдү, 128 адам акы төлөнүүчү коомдук жумуштарга жөнөтүлдү, 113 адам кесиптик окууга, кайра окутууга жана квалификациясын жогорулатууга жөнөтүлдү.

Жумушсуз жарандарга бөлүмдөгү кызматтар анын ичинде акысыз кыска мөөнөттүү окутуулар, шаар ичиндеги катталган бош жумуш орундары, коомдук акы төлөнүүчү жумуштар, “Жаштар такшалмасы” долбоору жана башка ушул сыяктуу кызматтар боюнча кеңири маалымат берилүүдө. Катталган жаңы жумуш орундары боюнча каттоодо турган жумушсуз жарандарга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, аларга ылайыктуу келген жумуштарга жөнөтүлүүдө. Ал эми, эмгектик потенциалын жогорулатуу максатында аз камсыз болгон жана кем-карч жарандар үчүн социалдык контракт ишке ашырылууда.

Программанын орто мөөнөттүү мезгилдеги негизги артыкчылыктары:

- ишке орношууга көмөк көрсөтүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө жарандардын маалымдуулугун жогорулатуу;
- шаардын ишканаларында жана уюмдарында болгон бош жумуш орундарынын базасын түзүү жана кеңейтүү;
- эмгек рыногунда талап кылынган кесиптер жөнүндө жаштарды кесиптик багыттоо жана маалымдоо.

**3-БӨЛҮМ. КЫЗМАТТАР ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ИНФРАСТРУКТУРА**

**3.1. (таблица) Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура**

| **Категория** | *факт* | | | *күтүлгөн.* | *прогноз* | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** | **2028 ж.** | **2029 ж.** | **2030 ж.** |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк (%) | 94 | 95,5 | 96 | 98 | 99 | *100* | *100* | *100* |
| Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктары (КТК) ташып чыгаруу менен камтуу (%) | 70 | 85 | 95 | 98 | 99 | *100* | *100* | *100* |
| Ички жолдордун жалпы узундугунан канааттандырарлык абалдагы асфальтталган ички жолдордун үлүшү (%) | 42,3 | 57,6 | 60,99 | 66,87 | 72,75 | *78,63* | *84,51* | *90,39* |
| Көчөлөрдүн жалпы санынан жарыктандырылган көчөлөрдүн үлүшү (%) | 48,32 | 61,06 | 68,13 | 73,03 | 77,16 | *81,91* | *86,22* | *90,53* |
| Спорттук секцияларга тартылган жарандардын саны (адам) | 2761 | 2978 | 3254 | 3900 | 4300 | *4700* | *5000* | *55000* |
| Маданият чөйрөсүндөгү ийримге катышкан жарандардын саны (адам) | 1544 | 1604 | 1611 | 1650 | 1670 | *1690* | *1710* | *1750* |
| Балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтуу (%) | 37% | 49% | 50% | 51% | 52% | *53%* | *54%* | *55%* |
| Балдарды мектептик билим менен камтуу (%) | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% | *100%* | *100%* | *100%* |
| Медициналык персонал менен камсыздоо деңгээли (адам) | 1700 калкка 1 дарыгер 2 медайым | 1700 калкка 1 дарыгер 2 медайым | 1700 калкка 1 дарыгер 2 медайым | 1700 калкка 1 дарыгер 2 медайым | 1200 калкка 1 дарыер 2 медайым | 1200 калкка 1 дарыер 2 медайым | 1200 калкка 1 дарыер 2 медайым | 1200 калкка 1 дарыер 2 медайым |
| Калктын турак жай менен камсыз болушу (бир тургунга жалпы аянттын кв. м) | *200* | *839* | *1424* | *2564* | *3164* | *4992* | *6324* | *8484* |
| *(башка көрсөткүчтөр)* | | | | | | | | |

| | | |
|---|---|---|
| | | |
| **3.2. Учурдагы кырдаалды анализдөө** | | |

**Ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк:**

Манас шаарында калктын 96% таза суу менен камсыздалган, абонентердин саны 36 095. Шаар боюнча жалпы 68 скважина таза суу менен камсыз кылат. Алардын ичинен 13 скважина резерв. Таза суу түзүмдөрүнүн жалпы узундугу 179,5 чакырым, саркынды суулар түзүмү 110,6 чакырым.

Манас шаарында Европалык реконструкция жана өнүгүү банкы (ЕБРР) тарабынан каржыланган долбоордун алкагында жаңы канализациялык тазалоо курулмасы (КОС-2) курулду. Курулган канализациялык тазалоо курулмасынын долбоордук кубаттуулугу суткасына 19 600 куб метр саркынды сууну тазалоого эсептелген. КОС-2 толук технологиялык режимде иштей баштап, Манас шаарынын экологиялык абалын жакшыртууга жана калкты сапаттуу канализациялык тейлөө менен камсыздоого мүмкүндүк түзөт. Турукташтыруу фонду тарабынан саркынды суу түтүктөрүн курууга 200 млн. сом акча каражаты бөлүнүп 300, 500 жана 1000 мм. диаметрде саркынды суу түтүктөрү тартылууда.

Келечекте калкты таза суу менен камсыздоону жогорулатуу үчүн жаңы скважиналарды куруу, эски түтүктөрдү толук жаңылоо, суу тармактарын санариптештирүү жана үйлөргө суу эсептегичтерди орнотуу пландалууда.

**Негизги приоритеттер**: калкты үзгүлтүксүз жана сапаттуу таза суу менен камсыздоо, инфраструктураны модернизациялоо, суу ресурстарын рационалдуу пайдалануу жана санитардык нормаларды күчөтүү аркылуу калктын ден соолугуна жана жашоо сапатына оң таасир берүү.

**Көйгөйлөр: Манас шаарына жаңы кошулган айматарында ичүүчү суу түтүктөрү эскирген, ичүүчү суу түтүктөрүн жаңылоо боюнча иш алып баруу.**

**Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктары (КТК) ташып чыгаруу менен камтуу:**

Манас шаарында таштандыга болгон төлөмгө жүргүзгөн 118 428 абонент бар. Учурда Манас шаары жана жакын конуштарды 23 таштанды ташуучу автоунаа менен тейленет. Бирок техникалардын көбү эскирип калгандыктан, 2025-жылы Мекемеге 4 даана желмаян жана Лизинг аркылуу 15 даана техникалар алынды.

Жалал-Абад облустук өнүктүрүү фондунун каржылоосу менен 4 даана кичи трактор алынууда

Манас шаарынын таштанды таштоочу жайы Барпы айыл аймагында жайгашкан Курук-Сай участкасында жайгашкан, аянты 9,0 га. Таштанды таштоочу жайында таштандыны кайра иштетүүчү завод курулуп, бүгүнкү күндө таштандыны сорттоо жана таштандыдан шланга чыгарылып жатат.

Азыркы убакта шаарда таштанды чыгаруу кызматы 95%ды түзөт АТРден кошулган аймактарды жана юридикалык жактар менен келишимдерди түзүп бул көрсөткүчтү 2030-жылы 100% га жеткирүү пландаштырылууда.

**Көйгөйлөр:**

1.Тазалык муниципалдык аймактык башкаруу мекемесинде таштанды таштоочу урналардын эскилиги жеткендигине байланыштуу таштанды урналарын жанылоо;

2.Калктын турмуш тиричилик калдыктарын өз убагында график менен алуу үчүн эскилиги жеткен техникаларды жанылоо;

**Ички жолдор:**

Манас шаарынын аймагында жергиликтүү бюджеттин эсебинен 2025-жылдын 12 ай ичинде 33 көчөгө 50 333 $м^2$ шагыл төшөө иштери жүргүзүлүп, 29 көчөгө 14 708 метр асфальт төшөлдү.

8233,6 метр тротуарга асфальт басылып, 10622 $м^2$ жамап жасоо иштери жүргүзүлдү. 1000 $м^3$ мазут сактоочу жайы курулду.

***Республикалык бюджеттин эсебинен курулган жолдор:***

-Жеңи-Жок көчөсү реконструкцияланды;

-17 көчөгө 26 486 метр жөө жүргүнчүлөр жүрүүчү жолдор курулду

***Транспорт министрлиги тарабынан курулган жолдор:***

2025-жылы 11 көчөгө жалпы 19,09 км жолго асфальт төшөө каралып, алардын ичинен бүгүнкү күнгө Т.Таштанов, Маамыр Баатыр, Баев-2, К. Кожоназаров, А.Султанов, Достоевский, Беркбаев, Азимканов көчөлөрүнө асфальт төшөлдү. Ал эми, Курортный ключ, Барпы Алыкулов, Азимканов, Манас-Казарман жолунун экинчи катмар асфальтын басуу иштери 2026-жылы жүргүзүлөт. Курулган жолдор менен 5 көчөгө 8121 метр жөө жүргүнчүлөр жолдору курулду.

Жалал-Абад облустук өнүктүрүү фондунунан жана жергиликтүү бюджеттин каржылоосу менен Абжаббаров көчөсүнө 328 метр асфальт төшөлдү. Лизинг аркылуу 6 даана техника алынды.

Негизинен жамоо жолу менен пайдалануу практикасында. Бүгүнкү күндө Манас шаарында асфальтталган ички жолдордун 60.99% түзөт, 2030-жылга чейин бул көрсөткүчтү 90,39% га жеткирүү пландаштырылууда. 2030-жылга карата жолдорду модернизациялоо жана транспорттук инфраструктураны жакшыртуу максатында эски асфальт жолдорду реконструкциялоо, жаңы жолдор куруу жана шагыл жолдорду асфальттоо пландалууда. Мындан тышкары, шаардын ички жолдорундагы кыймыл коопсуздугун жогорулатуу, жол белгилерин жаңылоо, транспорттун жүгүртүүсүн оптималдаштыруу аркылуу калктын кыймылын жеңилдетүү жана транспорттук тармакты санариптештирүү приоритеттелет.

**Көйгөйлөр: Манас шаарынын аймагында жол тыгындарынын алдын алуу боюнча:**

1.Манас шаарынын аймагындагы темир жолдун ордуна Манас-Багыш жолун куруу;

2.Көк-Арт дарыясынын жээгине жол куруу;

3.Манас шаарынын аймагындагы ички көчөлөрдү абалына жараша шагыл төгүү, асфальттоо иштерин жүргүзүү;

**Жарыктандыруу:**

Манас шаарынын көчөлөрүндө жана коомдук жайларында түнкү убакытта коопсуздукту камсыз кылуу максатында жалпы 2025 жыл ичинде 1250 метр даана жарык берүүчү чырактар орнотулган. Бул чырактардын жардамы менен шаар тургундарынын жана конокторунун түнкү жүрүш-турушуна ыңгайлуу шарттар түзүлүп, шаарды коопсуз жана жарык кылууга өбөлгө

түзүлүүдө. Бүгүнкү күндө Манас шаарынын тургундарын түнкү жарык менен камсыз кылууда 68,13% түзөт. 2030-жылга чейин бул көрсөткүчтү 90,53% га жеткиребиз деген план бар.

**Көйгөйлөр:** Манас шаарынын аймагында административдик аймактык реформанын алкагында айылдардын ички көчөлөрүнө түнкү жарыктандыруучу чырактар толук эмес орнотулган.

**Билим берүү**

2025-2026-окуу жылына карата Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин 2025-жылдын 2-июлундагы №747 2025-2026-окуу жылына 11 жылдык окуу мөөнөтүндө Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын базистик окуу пландарын бекитүү жөнүндөгү, №746/1 2025-2026-окуу жылына 12 жылдык мектептик билим берүүгө этап-этабы менен өтүүчү Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын базистик окуу пландарын бекитүү жөнүндөгү буйруктарын аткаруу максатында 2025-2026 жаны окуу жылынын башталышына карата кабыл алынган күндүзгү жалпы билим берүүчү мектептердин (форма ОШ-1) отчетунун негизинде шаар боюнча 29 жалпы орто билим берүүчү мектепте (3 негизги(№№12, 22, 28), 26 орто) 38841 окуучу катталып, 1207 класс комплектиленди.

Анын ичинен 1-4-класстардагы 17553 окуучу үчүн 553 класс комплекти, 5-9 класстардагы 18731 окуучу үчүн 570 класс комплекти, 10-11-класстардагы 2557 окуучу үчүн 84 класс комплекти түзүлдү. Класстардагы окуучулардын орточо толукталышы шаар боюнча 32 окуучуну түздү. Т.Тайгараев атындагы аймактык башкармалыгына караштуу Кызыл-Суу айылындагы №12 негизги мектеби аз комплектиленген мектеп болуп саналат. Шаардан 90 чакырым алыстыкта жайгашып, класстарынын аянты 8-12 окуучуга ылайыкталгандыктан, 1-4-класстар жана 5-6-класстар карлик класстар болуп комплектиленди. Башкача айтканда 1-4-класстардагы 27 окуучу үчүн 3 класс комплекти, 5 9-класстардагы 12 окуучу үчүн 1 класс комплекти түзүлдү. Жалпы 39 окуучу катталып, 4 класс комплектелди.

Мектептен тышкаркы 1 билим берүү мекемесинде “Ариет” балдар чыгармачылык борборунда 1322 окуучуга 92 тайпа түзүлдү. №12, 22 мектептеринде класстык бөлмөлөрдүн аянттарынын кичинелигине байланыштуу Уставдарына ылайык жогоруда аталган мектептердеги класстарда окуучулардын орточо толукталышы 20 окуучуну түздү.

Шаарда мамлекеттик эмес жеке 16 жалпы орто билим берүүчү мектептерде 6807 окуучу билим алууда. 519 мугалим эмгектенет.

**Мектепке чейинки билим берүү**

Мектепке чейинки 31 билим берүүчү мекемелерде 6513 балага 207 тайпа комплектелди. Анын ичинен 10 сааттык режимде 5640 балага 175 тайпа 10 сааттык режимде яслиде 873 балага 32 тайпа.

Жеке менчик мектепке чейинки 25 билим билим берүү мекемелеринде 1676 бала тарбияланууда .

**Мектептик билим берүү**

Акыркы 4 жылдын ичинде мамлекет, мэрия, демөөрчүлөр тарабынан жалпы 4 мектеп, 2 кошумча окуу корпусу курулду, 6 бала бакча, 1 балдар чыгармачылык борбору, 1 жатак сүрөт мектеби. Бирок демографиялык өсүүгө жана ички миграциянын агымына байланыштуу мектептердин жетишсиз маселеси катары калууда. Мектептердеги окуучулук орундардын жетишсиздиги - билим берүү тутумундагы актуалдуу көйгөйлөрдүн бири.

**Окуучулардын жалпы санынын 4 жылдагы өсүү динамикасы:**

| Окуу жылы | **2022-2023-окуу жылы** | **2023-2024-окуу жылы** | **2024-2025-окуу жылы** | **2025-2026-окуу жылы** | **2026-2027-окуу жылы** |
|---|---|---|---|---|---|
| Долбоордук кубаттуулугу | 11618 | 11618 | 14 744 | 14 744 | 14 744 |
| Окуучулардын саны | 27981 | 27957 | 36364 | 38040 | 40500 |

Билим берүү чөйрөсүндө төмөнкү маселелер актуалдуу болуп саналат:

- билим берүү мекемелеринин санын жетишсиздиги;
- педагогдук кадрлардын жетишсиздиги;
- билим берүү уюмдарында кадрдык потенциалдык жогорулатуу, жаш адистерге дем берүү системасын өркүндөтүү жана бекемдөө, алардын эмгек шартын жакшыртуу.

**Маданият**

Манас шаарынын мэриясынын Маданият бөлүмү иш алып барат, бирок Маданият бөлүмүнүн штаттык бирдиги жана айлык маянасы аз болгондуктан маданий иш-чаралды өткөрүүдө кыйынчылыктар жаралып келүүдө.

Негизги көйгөйлөр:

- Эл аспаптар оркестрин ачуу;
- материалдык-техникалык базанын эскиргендиги;
- штаттык бирдигин көбөйтүү менен башкармалык мекеме кылуу;
- айлык маянасын көбөйтүү.

**Дене тарбия жана спорт**

Манас шаарында дене тарбия жана спорт коомдун социалдык жана маданий өнүгүүсүндө маанилүү орунду ээлейт. Башка шаарлар сыяктуу эле, бул тармак калктын ден соолугун чыңдоодо жана жаштардын активдүү жашоо образын калыптандырууда чоң роль ойнойт.

Учурдагы абалды талдоо бир нече негизги багыттарды аныктоого мүмкүндүк берет.

Биринчиден, акыркы жылдары жаштар арасында дене тарбияга жана спортко болгон кызыгуу кыйла жогорулаганы байкалууда. Бул көрүнүш мамлекеттик колдоо менен катар эле спорттук иш-чараларды, турнирлерди жана чемпионаттарды уюштурган коомдук жана коммерциялык эмес уюмдардын ишмердүүлүгү аркылуу да бекемделүүдө. Сергек жашоо образын жайылтуу, фитнес жана ар кандай спорттук секциялардын көбөйүшү калктын кеңири катмарын спортко тартууга шарт түзүүдө.

Экинчиден, Манас шаарындагы спорттук инфраструктура акырындап өнүгүп жатканына карабастан, айрым көйгөйлөр да бар. Жаңы спорт объекттери курулуп, иштеп жаткан стадиондор менен спорт залдары оңдолуп, машыгуу үчүн шарттар жакшыртылды. Ошол эле учурда, көп функционалдуу спорттук комплекстердин жетишсиздиги жана аларды каржылоо маселеси инфраструктуранын толук кандуу өнүгүшүнө тоскоол болууда.

Үчүнчүдөн, позитивдүү өзгөрүүлөр менен катар чечилбеген маселелер да сакталууда. Айрыкча, квалификациялуу машыктыруучулардын жетишсиздиги, өзгөчө аз жайылтылган спорт түрлөрүндө, олуттуу көйгөй бойдон калууда. Бул спортчулардын мелдештерге даярдык деңгээлине түздөн-түз таасирин тийгизет. Мындан тышкары, спорттук иш-чараларды өткөрүүдө каржылоо жана демөөрчүлөрдү тартуу маселелери мелдештердин масштабын жана катышуучулардын санын чектеп жатат.

Төртүнчүдөн, массалык спортту өнүктүрүүгө багытталган мамлекеттик программалар жана мыйзамдардагы өзгөртүүлөр калктын спорттук активдүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзүүдө. Айрыкча, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар үчүн спорттук иш-чараларды уюштуруу демилгелери кеңейип, спорт тармагында инклюзивдүү чөйрө калыптанып жатканын белгилөөгө болот.

Ошондой эле, киберспорттун өнүгүшү, машыгуу процессинде заманбап технологияларды колдонуу сыяктуу дүйнөлүк тенденциялар Манас шаарындагы спорт тармагына да таасирин тийгизүүдө. Жаштар салттуу спортту санариптик платформалар менен айкалыштырып, дене тарбиянын жаңы багыттарын өздөштүрө башташты.

Жыйынтыгында, Манас шаарында дене тарбияга жана спортко болгон кызыгуу туруктуу өсүп жатканы байкалат. Бирок бул тармакты мындан ары ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн инфраструктуралык маселелерди чечүү, кадрдык потенциалды бекемдөө жана каржылоону жакшыртуу зарыл.

**3.3. Жергиликтүү коомчулуктун артыкчылыктуу муктаждыктарына анализ жүргүзүү**

| Артыкчылык | Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр | |
|---|---|---|---|
| Т.Тайгараев, Достук, Курманбек, Ч.Айтматов М.Т.Конгантиев, Спутник, Көк-Арт аймактык башкаруу, башкармалыктардын көчөлөрүнө жарыктандыруу системаларын орнотуу жана ондоо. | Күтүлгөн натыйжаларга жетишүү үчүн:<br>жалпысынан 35 көчөгө жарыктандыруу орнотуу жана оңдоо;<br>узундугу 28800 метр электр зымдарын тартуу;<br>авариялык абалдагы электр жабдууларын алмаштыруу жана техникалык коопсуздук талаптарына ылайык келтирүү зарыл. | Бул чаралардын натыйжасында узундугу 28800 метр болгон көчөлөр толук жарыктандырууга алынат, түнкү коопсуздук жогорулап, көчө жарыктандыруу менен камтуу деңгээли 80–90%га жетет. Бул жарандардын коопсуз жүрүүсүнө, жол-транспорт кырсыктарынын алдын алууга жана коомдук тартипти сактоого терс таасирин тийгизет. Ошондуктан аталган көчөлөрдө жарыктандыруу системаларын орнотуу жана эски мамыларды оңдоо биринчи кезектеги муктаждык болуп саналат. | |
| Суу менен камсыз кылуу, канализация жана тазалоочу курулмаларды оңдоо жана орнотуу | Манас шаарынын аймагындагы 12 көчөгө эскирген суу түтүктөрүн алмаштыруу, жалпы узундугу 8 500 метр жаңы түтүктөрдү орнотуу, суу бөлүштүрүү түйүндөрүн куруу. Канализация түтүктөрүн жаңылоо, тазалоочу курулмаларды реконструкциялоо жана кошумча жабдууларды орнотуу. | Шаар калкынын таза ичүүчү суу менен камсыз болуусу 90%га жетет, санитардык абал жакшырат.<br>Айлана-чөйрөнүн булганышы азаят, калктын саламаттыгы корголот. | |
| Жол инфраструктурасын өнүктүрүү (асфальт, шагыл, тротуар) | 72 көчөгө асфальт төшөө, 35 көчөгө шагыл төшөө, 11 көчөгө тротуар куруу, 4 көчөгө лоток орнотуу, 21 көчөдөгү жолдорду кеңейтүү. | Шаар ичиндеги жолдордун абалы жакшыртылып, транспорттук жеткиликтүүлүк жогорулайт, экономикалык активдүүлүк артат. | |
| Электр энергиясы жана инженердик инфраструктураны өнүктүрүү | 20 көчөгө электр мамычаларын орнотуу, эски электр линияларын модернизациялоо, жаңы турак жай массивдерин электр энергиясы менен камсыз кылуу | Электр энергиясы менен камсыз кылуу туруктуу болуп, өндүрүш жана ишкердик өнүгөт. | |
| Электр энергиясы менен камсыз | Манас шаарынын аймагында электр энергиясына болгон | Электр энергиясынын үзгүлтүксүз берилиши камсыздалат, авариялык | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| кылууну күчөтүү (трансформаторлор) | жүктөмдү азайтуу жана туруктуу камсыз кылуу максатында 5 даана трансформатор орнотуу, тиешелүү электр линияларын туташтыруу жана коопсуздук талаптарына ылайык ишке киргизүү | өчүүлөр кыскарат, калк жана ишканалар туруктуу электр энергиясы менен камтылат. | |
| Таза суу менен камсыз кылуу (скважиналар) | Манас шаарынын аймагында ичүүчү суунун жетишсиздигин жоюу максатында 3 даана скважина казуу, насостук жабдууларды орнотуу жана суу түтүктөрүнө кошуу | Таза суу менен камсыз кылуу деңгээли жогорулайт, калктын суу тартыштыгы маселеси чечилет. | |
| Жол коопсуздугун камсыз кылуу (жөө өтүчү өтмөктөрдү жана жол чырактарды орнотуу) | Манас шаарынын аймагында жөө жүргүнчүлөрдүн коопсуздугун камсыз кылуу максатында 11 жерде пешеход өтмөктөрүн уюштуруу, жол белгилерин орнотуу, 11 даана светофор коюу жана аларды электр энергиясына туташтыруу | Жол-транспорт кырсыктарынын саны азаят, жөө жүргүнчүлөрдүн коопсуздугу жогорулайт, шаар ичиндеги жол кыймылы иретке келет. | |
| **Билим берүү системасы** | - Мектепке чейинки жана мектептик билим берүү мекемелерин, кошумча окуу корпустарын куруу;<br>- Билим берүү мекемелеринде оңдоо иштерин жүргүзүү;<br>- Материалдык-техникалык базаны чыңдоо; Билим берүү системасын санариптештирүү;<br>- SMART-билим берүү чөйрөсүн түзүү | Билим берүү мекемелеринин санын көбөйтүү, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, мугалимдерди дем берүү жана сыйлоо системасын күчөтүү | |
| **Маданият** | - Маданият объекттерин куруу жана капиталдык оңдоон өткөрүү;<br>- материалдык-техникалык базаны жакшыртуу;<br>- республикалык, эл аралык жана шаардык масштабдагы маданий-массалык иш-чараларды өткөрүү. | Шаар тургундарынын жана меймандарынын маданий деңгээлин жогорулатуу | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Дене тарбия жана спорт** | - Спорт объекттерин куруу жана капиталдык оңдоо;<br>- материалдык-техникалык базаны жакшыртуу;<br>- спорттук-массалык иш-чараларды уюштуруу | Калк арасында дене тарбиялык активдүүлүктү арттыруу, жарандардын ден соолугун жана жашоо сапатын жакшыртуу, массалык спортту өнүктүрүү | | |
| **3.4. Социалдык жана жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө тиешелүү бюджеттик инвестицияларга керектөөлөргө анализ жүргүзүү** | | | | |
| **Инвестициялык артыкчылыктар** | **Мүмкүн болгон долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр** | **Бааланган наркы** (миң сом) | |
| | | | *40 000* | |
| Манас шаары боюнча 2026-жылга карата республикалык бюджеттен дем берүүчү (үлүштүк) гранттын эсебинен каржылануучу долбоорлор | чаралардын бардыгы мекемелердин техникалык абалын жакшыртууга жана кызмат алуучулар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталган | Манас шаарынын социалдык инфраструктурасын да төмөнкүдөй өзгөрүүлөр болот:<br>Энергияны үнөмдөө жана жылуулук: Терезе-эшиктерди алмаштыруу жана жылытуу системаларын жаңылоо аркылуу имараттардын ичиндеги температуралык режим нормага келет жана коммуналдык төлөмдөр үнөмдөлөт.<br>Билим берүү чөйрөсүнүн жакшырышы: Мектептердин фасаддарын жана ички залдарынын оңдолушу окуучулар үчүн жагымдуу жана коопсуз чөйрө түзөт.<br>Саламаттыкты сактоонун сапаты: | **Жалпы**<br>**56 001, 749**<br>**Жергиликтүү бюджеттен**<br>**27 149, 530 сом** | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | ҮДТ имараттарынын жана лабораториянын капиталдык оңдоодон өтүшү бейтаптарды тейлөө шарттарын жакшыртып, медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатат.<br>Санитардык-гигиеналык шарттар: Бала бакчалардын ашканаларын жана имараттарын оңдоо өсүп келе жаткан муун үчүн санитардык талаптарга жооп берген шарттарды камсыздайт. | | |
| 1. Фельдшердик-акушердик пункттун (ФАП) Курулушу<br>2. Фельдшердик-акушердик пункттун (ФАП) Курулушу<br>3. Тоо Кызыл-Суу көпүрө куруу<br>4. Спорт залга душ куруу<br>5. Тазалык муниципалдык мекемесинин кызмат көрсөтүү шарттарын жакшыртуу | Манас шаарынын инфратүзүмүн жакшыртуу жана калктын жашоо деңгээлин көтөрүү багытында сунушталган долбоорлор, Жалал-Абад өнүктүрүү фонд тарабынан каржылануучу долбоорлор ошондой эле өздүк салымы бар. | | 13 418, 115<br>12 504, 454<br>7 840, 861<br>4 310, 847<br>13 920, 000 | |
| БАРДЫГЫ | | | | |
| | | | | |
| **4-БӨЛҮМ. ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ** | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **4.1. (таблица) Экономикалык өнүгүү** (миң сом) | | | | | | | | |
| **Категория** | *факт* | | | *күтүлгөн.* | *прогноз* | | | |
| | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** | **2028 ж.** | **2029 ж.** | **2030 ж.** |
| Негизги фонддор (юридикалык жактар боюнча, үй чарба секторун эсепке албаганда)- (жылдын аягына карата толук наркы боюнча) | - | - | - | - | - | - | - | - |
| **Экономиканын негизги секторлору боюнча товарларды өндүрүү жана кызмат көрсөтүү көлөмү:** | 15522060,7 | 19212174,5 | 24960114 | 29952136,8 | 37403297,76 | 44285485,59 | 52581468,99 | 62416954,74 |
| Айыл чарба: | | | | | | | | |
| *Өсүмдүк өстүрүү* | - | - | - | - | - | - | - | - |
| *Мал чарбачылыгы* | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Юридикалык жактардын өнөр жай продукциясынын көлөмү | 8442396,6 | 10306345,2 | 13270245,0 | 16985913,6 | 20383096,32 | 24459715,58 | 29351658,7 | 35221990,44 |
| *Өнөр жай кызматтары* | - | - | - | - | - | - | - | - |
| *Жөнөтүлгөн продукциянын көлөмү* | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Курулуш - негизги капиталга колдонулган инвестициялар - ар кандай объектилер боюнча жалпы суммада | 5446451,3 | 12405259,7 | 25217050,9 | 54216659,44 | 97589986,98 | 175661976,6 | 316191557,8 | 569144804,1 |
| Экономикалык иштин түрлөрү боюнча көрсөтүлгөн рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү: | 7079664,1 | 8905829,3 | 11689869,0 | 14183501 | 16521475 | 19358175,2 | 22662470 | 26534105,3 |


| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо (млн.сом)* | 549950,0 | 184400,2 | 634285,7 | 1141714 | 1370057 | 1644068,53 | 1972882,2 | 2367458,69 |
| *Мейманканалардын жана ресторандардын иши* | 1345100,0 | 536347,9 | 1284766,2 | 2312579 | 3468869 | 5203303,11 | 7804954,7 | 11707432 |
| *Транспорттук иш-чаралар жана жүктөрдү сактоо* | 681436,2 | 1043741,4 | 1238225,7 | 1485871 | 1783045 | 2139654,01 | 2567584,8 | 3081101,77 |
| *Маалымат жана байланыш* | 194410,4 | 206585,2 | 281514,4 | 337817,3 | 405380,7 | 486456,883 | 583748,26 | 700497,912 |
| *Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу* | 2164954,0 | 2835851,2 | 3544737,0 | 4253684 | 5104421 | 6125305,54 | 7350366,6 | 8820439,97 |
| *Кыймылсыз мүлк операциялары* | 346231,9 | 391854,2 | 492138,3 | 590566 | 708679,2 | 850414,982 | 1020498 | 1224597,57 |
| *Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердүүлүк* | 364544,3 | 530917,2 | 1463636,1 | 1756363 | 2107636 | 2529163,18 | 3034995,8 | 3641994,98 |
| *Административдик жана көмөкчү иш-чаралар* | 186536,1 | 219407,6 | 328076,8 | 393692,2 | 472430,6 | 566916,71 | 680300,05 | 816360,063 |
| *Билим берүү* | 1601649,8 | 1891204,2 | 1239277,2 | 2269445 | 2723334 | 3268000,86 | 3921601 | 4705921,23 |
| *Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтар* | 616516,7 | 707979,5 | 883683,3 | 1060420 | 1272504 | 1527004,74 | 1832405,7 | 2198886,83 |
| *Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу* | 191958,3 | 255846, | 298451,9 | 358142,3 | 429770,7 | 515724,883 | 618869,86 | 742643,832 |
| *Башка тейлөө кызмат көрсөтүүлөрү* | 731426,0 | 822442,0 | 920128,3 | 1104153,96 | 1324984,752 | 1589981,702 | 1907978,043 | 2289573,651 |
| **Түз инвестициялар:** | | | | | | | | |
| Айыл чарба | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Өнөр жай | - | - | - | - | 391500,0 | 430650 | 473715 | 521086,5 |
| Курулуш | 5446451,3 | 12405259,7 | 25217050,9 | 45390691,62 | 54468829,94 | 65362595,93 | 78435115,12 | 94122138,14 |
| Соода | - | - | - | - | 200 000,0 | 240000,0 | 288000 | 345600 |
| Транспорт жана байланыш | | | | | | | | |
| Башка кызматтар | | | | | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Калдыктарды кайра иштетүү | - | - | - | - | - | - | - | - |
| **Калктын кирешеси:** | | | | | | | | |
| Орточо номиналдык эмгек акы | 26887,8 | 28861,4 | 33654,1 | 37019,51 | 40721,46 | 44793,6071 | 49272,968 | 54200,2646 |
| Эмгек мигранттарынын которуулары | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Пенсиялардын орточо өлчөмү | 6092 | 8073 | 10083 | 10640 | 11340 | 12040 | 12840 | 13640 |
| Жөлөкпулдардын орточо өлчөмү | 1200 | 1200 | 1200 | 1200 | 1200 | 1200 | 1200 | 1200 |
| Чакан жана орто бизнестен түшкөн кирешенин орточо өлчөмү | 630712 | 811372,4 | 932118,7 | 1118542 | 1342251 | 1610701,11 | 1932841,3 | 2319409,6 |

**4.2. Учурдагы кырдаалды жана экономикалык адистешүүнү талдоо**

Манас шаарынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн түзүмү негизинен кирешенин салыктык жана салыктык эмес булактарынан жана атайын каражаттардан турат.

1-диаграмма. Киреше бөлүгүнүн түзүмү (2024-жылга карата)




1-диаграммадан көрүнүп тургандай, Манас шаарынын жергиликтүү бюджетинин кирешелеринин негизги үлүшүн салыктык киреше булактары түзөт – 74,6%; Салыктык эмес булактар – 8,9%, Атайын каражаттар – 16,5%.

Манас шаарынын жергиликтүү бюджети Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөрдүн белгиленген ченемдери аркылуу түзүлөт.

1-таблица. Манас шаарынын бюджетине жалпы мамлекеттик кирешелердин чегерүүсү (2024-жылга карата)

| **№** | **Жалпы мамлекеттик кирешелер** | **Чегерүүлөрдүн ченемдери** |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| **1** | Салык агенттери төлөөчү киреше салыгы | 100% |
| **2** | Патенттин негизиндеги салык | 100% |
| **3** | Жер казынасын пайдалануу үчүн салык (роялти) | 50% |
| **4** | Пайдалуу кен чыккан жерлерди иштетүү укугу үчүн жыйым | 7% |
| **5** | Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр | 20% |
| | **Жергиликтүү салыктар** | |
| **6** | Жер салыгы | 100% |
| **7** | Мүлккө салык | 100% |

2-таблица. Салык түрлөрү боюнча 2023-2024-жылдарга түшүүлөр


| **№** | **Салык түрлөрү** | **Факт** (млн. сом) | |
|---|---|---|---|
| | | **2023-ж.** | **2024-ж.** |
| **1** | Салык агенттери төлөөчү киреше салыгы | 488,5 | 624,4 |
| **2** | Патенттин негизиндеги салык | 56,6 | 28,7 |
| **3** | Жер казынасын пайдалануу үчүн салык (роялти) | 2,0 | 2,5 |
| **4** | Жер казынасын пайдалануу укугун берүү үчүн жыйым | 0,0 | 0,3 |
| **5** | Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр | 0,0 | 0,1 |
| **6** | Жер салыгы | 30,4 | 49,5 |
| **7** | Мүлккө салык | 52,1 | 104,8 |

Ал эми жалпы кирешелерге анализ жүргүзгөндө, көрсөткүчтөр төмөндөгүчө бөлүнөт.
3-таблица. Жалпы жергиликтүү бюджеттин кирешелери боюнча 2023-2024-жылдарга түшүүлөрү.

| **№** | **Салык түрлөрү** | **2023-ж.** | | **2024-ж.** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **План** | **Факт** | **План** | **Факт** |
| **1** | Салык агенттери төлөөчү киреше салыгы | 468,2 | 488,5 | 590,7 | 624,4 |
| **2** | Патенттин негизиндеги салык | 68,0 | 56,6 | 58,9 | 28,7 |
| **3** | Жер казынасын пайдалануу үчүн салык (роялти) | 1,8 | 2,0 | 2,2 | 2,5 |
| **4** | Жер казынасын пайдалануу укугун берүү үчүн жыйым | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,3 |
| **5** | Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,1 |
| **6** | Жер салыгы | 26,6 | 30,4 | 47,7 | 49,5 |
| **7** | Мүлккө салык | 42,9 | 52,1 | 81,1 | 104,8 |
| **8** | Салыктык эмес кирешелер | 59,9 | 64,5 | 93,4 | 97,0 |
| **9** | Атайы каражаттар | 144,8 | 125,3 | 239,2 | 178,8 |
| **Жалпы** | | **812,2** | **819,4** | **1113,3** | **1086,1** |

Жалпысынан 2023-жылдын жыйынтыгы менен Манас шаары боюнча иш жүзүндөгү кирешелердин түшүүсү 1086,1 млн сомду түзүп, план 97,6%га аткарылган, ал эми 2024-жылы иш жүзүндөгү кирешелердин түшүүсү 819,4 млн сомду түзүп, план 100,9%га аткарылган.

2-диаграмма. 2023-2024-жылдардын жыйынтыгы менен шаардын кирешелери.




2022-2023-жылдарды алганда жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 13%га өскөн, ал эми 2024-жылы аймактык-территориялык реформанын алкагында Манас шаарына бир катар аймактар кошулуп, киреше бөлүгү 2023-жылга салыштырмалуу 33%га көбөйдү.

**Манас шаарынын экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көйгөйлөрү:**

- Тышкы жана мамлекеттик каржылоого болгон көз карандылык, ошол себептен инвестиция тартуу зарылчылыгы;
- Мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү (МЖӨ) ишке ашыруунун татаалдыгы;
- Өнөр жай аянтчаларынын тартыштыгы, инфраструктуранын жетишсиздиги;
- Шаардын продукциясынын тышкы рыноктордо таанылбагандыгы;
- Стартаптар үчүн тоскоолдуктар бар, аларды ишке ашыруу маселелери;
- Базалык туристтик инфраструктуранын жоктугу: учурда шаарда навигация, маалымат борборлору жана конок үйлөрүндө квалификациялуу кызматкерлер жетишпейт;
- Шаардын маданий жашоосуна туристтерди тартуу үчүн жаңы форматтар (фестивалдар, экспо) керек;
- Эс алуу зоналарынын өнүкпөгөндүгү.

**Алардын чечүү жолдору:**

**Инвестициялар:** Ири долбоорлор (филармония, музей, оорукана жана мектептердин курулушу) Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фонду жана республикалык бюджет аркылуу каржыланат. Мисалы, «Акылман» лицейине жана Спорт сарайына 1 млрд. сомдон ашык куруу пландарууда.

**Жеке инвестициялар жана МЖӨ:** Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк (МЖӨ) алкагында баасы 5 млрд сомдук соода-логистикалык комплексин куруу жана 520 млн сомдук «Жеңиш» паркын модернизациялоо сыяктуу дымактуу долбоорлор пландалууда.

**Эл аралык гранттар жана кредиттер:** Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы аркылуу 50 даана электр автобустарын алуу жана Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин ЭРИК долбоору аркылуу мектептердин оңдоо иштерин жүргүзүү.

**Өнөр жай жана ишкердик:** Жалпы аянты 80 га болгон өнөр жай зонасын түзүү пландаштырылууда. Так долбоорлордун ичинде металл конструкциялары заводун (217,5 млн. сом) жана «Тойбос» эт азыктарын кайра иштетүү ишканасын (174 млн. сом) куруу.

**Чакан жана орто бизнести колдоо:** Ишкерлерди колдоо борборун ачуу, жаш ишкерлерге 5 млн. сомдук жеңилдетилген микро-кредиттерди берүү жана «Манас өнүмү» жергиликтүү брендин илгерилетүү.

**Инфраструктуралык модернизация:** Экономикалык активдүүлүк шаардык чөйрөнү жакшыртуу аркылуу стимулдалат. **«Манас Сити» долбоору -** Аэропортту жылдыруу менен көп кабаттуу үйлөрдөн жана социалдык объектилерден турган заманбап шаарчаны куруу.

**Туризм потенциалын өнүктүрүү**:

- Туристтик маалыматтык борборду (TIC) ачуу жана навигациялык белгилерди орнотуу.
- Жыл сайын өтүүчү «Манас эрте жаз» жана «Манас-экспо» фестивалдарын уюштуруу аркылуу 3000ден ашуун конокту тартуу.
- Шор-Булак мемориалдык комплексин жана эс алуу аймактарын куруу.

Манас шаары 2030-жылга чейин инженердик тармактарды жаңыртуу жана бизнес үчүн даяр аянтчаларды (промзоналарды) түзүү аркылуу инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууну көздөйт.

Акыркы жылдары креативдүү экономика дүйнөлүк экономиканын тез өнүгүп келе жаткан тармактарынын бири болуп калды. Кыргызстанда креативдүү экономиканы “жумшак инфраструктурага” жана билимге негизделген, узак мөөнөттүү капиталдык салымдарды талап кылбаган, калктын кирешесинин өсүшүнө жана калктын жумуш менен камсыз болушуна, экспорттун көбөйүшүнө жана инновациялык ишкердикти өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн экономиканын келечектүү тармагы катары кароого болот.

Экономикалык иштин мамлекеттик классификаторунда Кыргызстандын креативдүү экономикасынын сектору ишмердүүлүктүн 12 тармагында (басма иши, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (анын ичинде компьютердик оюндар), музыка, сүрөт, коммуникация, архитектура, жарнама, дизайн жана мода, искусство, кино, зергерчилик) жана креативдүү индустриянын тармактык адистешүүсүнүн 20 түрүн камтыйт.

Экономикалык өнүгүүнүн дагы бир альтернативдүү жолу жана потенциалы чоң деп айтсак болот.

Кретивдүү экономиканы өнүктүрүү жана анын өнүгүүсүнө салым кошуу максатында биздин Манас шаарынын мэриясы 2024-жылы «Аялдар Тынчтык банкы» коомдук фонду менен биргеликте «СЕДЕП» долбоорун аткаруу боюнча кызматташуу меморандумуна кол коюшкан. Долбоордун колдоосу менен офис ижарага алынып, азыркы учурда 18-35 жашка чейинки аярлуу топтогу кыз-келиндердин экономикалык укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча иш-чараларды алып барып жатат. 2025-2029-жылдар аралыгындагы Манас шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүү планына креативдүү экономиканы өнүктүрүү боюнча иш-чараларды өткөрүү пландалууда.

| | | |
|---|---|---|
| **4.3. Экономикалык өнүгүү муктаждыктарын талдоо (анын ичинде тике (жеке) инвестициялар).** | | |

| Артыкчылык | Мүмкүн болуучу чаралардын жана долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр | Бааланган наркы (млн сом) | |
|---|---|---|---|---|
| "Жасалма уруктандыруу пунктун ачуу" | "Айыл өкмөтү пунктка орун бөлүп берүүгө көмөк көрсөтөт. Ишкерлердин тике инвестицияларынын эсебинен керектүү жабдуулар жана үрөн материалдары сатып алынат, ошондой эле адистердин консультациялары төлөнөт". | 2026-жылга чейин жакшыртылган породалардын башын 20%га көбөйтүү | 1 000 Ишкерлердин каражаттары | |
| Креативдүү экономика | Креативдүү экономиканы өнүктүрүүгө шрат түзүү | Жалал-Абад Креативдүү Хабы түзүлөт жана аялдар активдүү маалымат алмашышат, өнөр үйрөнүшөт. | | |
| Манас шаарынын аймагына “Тойбос” эт азыктарын кайра чыгаруучу ишкана куруу | Жалпы аянты 1 га болгон жер тилкесин ажыратып берүү жана “Тойбос” компаниясынын филиалын Манас шаарына курууга көмөк көрсөтүү. | 2026-жыл июль | 174 млн сом (2 млн АКШ доллар) | |
| Металл конструкциялары заводун куруу | Манас шаарынын аймагында Металл конструкциялары, курулуштарындын чатырларын чыгаруучу цех курууга көмөк көрсөтүү | 2026-жыл 1-май | 217,5 млн сом (2,5 млн АКШ доллар) | |
| Манас шаарында соода-логистикалык комплексин куруу | МЖӨ мамлекеттик долбоорунун алкагында «Жалал-Абад шаарында соода-логистикалык комплексти каржылоо, куруу жана башкаруу» долбоорун аягына чыгаруу | 2026-жыл 31-август | 5 000,0 млн сом (57 млн АКШ доллар) | |
| «Манас шаарынын “Жеңиш” паркын модернизациялоо | МЖӨ Мыйзамынын алкагындагы “Жеңиш” паркын модернизациялоо жан башкаруу долбоорун аягына чыгаруу | 2026-жыл 31-август | 520,0 млн сом. | |
| БАРДЫГЫ жергиликтүү бюджеттин каражаттары | | | | |
| БАРДЫГЫ биргелешкен катышуу каражаттары | | | | |
| БАРДЫГЫ тике инвестициялар | | | 5 911, 5 млн. сом | |
| | | | | |

| 4.4. Экономикалык өнүгүүгө тиешелүү бюджеттик инвестицияларга болгон муктаждыктарга анализ жүргүзүү | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Инвестициялык артыкчылыктар** | **Мүмкүн болгон долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр** | **Бааланган наркы** (миң сом) | |
| Манас шаарынын инфратүзүмүн жакшыртуу жана калктын жашоо деңгээлин көтөрүү багытында сунушталган долбоорлор | Жалал-Абад өнүктүрү фонд тарабынан каржылануучу долбоорлор ошондой эле өздүк салымы бар. | Жыл сайын Манас шаарынын социалдык инфраструктурасын жакшыртуу:<br>1.ҮДТ, мектеп, бала бакчалардын терезе-эшиктерди алмаштыруу жана жылытуу системаларын жаңылоо, фасаддарын жана ички залдарынын оңдолушу жана коопсуз чөйрө түзүү.<br>2. ҮДТ имараттарынын жана лабораториянын капиталдык оңдоодон өтүшү.<br>3. Мектеп,<br>бала бакчалардын ашканаларын жана имараттарын оңдоо санитардык талаптарга жооп берген шарттарды камсыздоо. | 20,0-30,0 млн. сом | *Жыл сайын* |
| Республикалык бюджеттен дем берүүчү (үлүштүк) гранттын эсебинен каржылануучу долбоорлор | чаралардын бардыгы мекемелердин техникалык абалын жакшыртууга жана кызмат алуучулар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталган | Жыл сайын, Зарылчылыкка жараша | 20,0-30,0 млн. сом | Жыл сайын |
| БАРДЫГЫ бюджеттик инвестициялар | | | 40,0 – 60,0 млн. сом | |
| | | | | |

## 5-БӨЛҮМ. ИНКЛЮЗИВДҮҮ ӨНҮГҮҮ

**5.1. (таблица) Инклюзивдүү өнүгүү** (адам)

| **Категория** | *факт* | | | *күтүлг өн.* | *прогноз* | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** | **2028 ж.** | **2029 ж.** | **2030 ж.** |
| Иштей ала турган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар (адам) | 500 | 646 | 615 | 625 | 627 | 629 | 630 | 632 |
| Иштей албаган оор майыптыгы бар адамдар (адам) | 471 | 661 | 685 | 689 | 690 | 687 | 691 | 693 |
| **Өтө жакыр адамдар (адам)** | **850** | **777** | **1017** | **827** | **780** | **720** | **690** | **650** |
| Турмуштук оор кырдаалдагы балдар (адам) | *38* | *94* | *87* | *85* | *81* | *78* | *72* | *60* |
| Турмуштук оор кырдаалдагы үй-бүлөлөр (бир.) | 6 | 15 | 13 | 11 | 9 | 8 | 6 | 5 |
| Алыскы калктуу конуштардын калкы (адам) | 577 | 580 | 605 | 629 | 654 | 680 | 707 | 736 |
| Эмгек мигранттарынын жашы 18ге жете элек балдары (адам) | 1252 | 1105 | 1268 | 860 | 750 | 690 | 610 | 570 |
| Этникалык азчылыктар (адам) | 44671 | 45101 | 67450 | 68950 | 70398 | 71806 | 73242 | 74707 |
| Аялдар (адам) | 62622 | 63405 | 89192 | 93359 | 98027 | 102988 | 108137 | 113544 |
| Аялдар (калктын жалпы санынан% ) | 48.4 | 48.4 | 49 | 50.6 | 50.6 | 50.6 | 50,6 | 50,7 |
| Улгайган (жалгыз) (адам) | 160 | 154 | 140 | 143 | 145 | 147 | 150 | 155 |
| Калктын жалпы санындагы калктын аялуу топторунун бардык категорияларынын (аялдардан тышкары) жалпы үлүшү (%) | 2,4 | 2,3 | 2,4 | 2,5 | 2,5 | 2,5 | 2,5 | 2,5 |
| Гендердик зомбулук учурлары (бир.) | - | - | - | - | - | - | - | - |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кризистик борборлордун болушу (бир.) | 1 | 1 | 1 | - | - | 1 | 1 | 2 |
| | | | | | | | | |

**5.2. Учурдагы кырдаалга анализ жүргүзүү**

Заманбап шарттарда инклюзивдик өнүгүү социалдык саясаттын бир бөлүгү гана эмес, ошондой эле туруктуу шаардык өнүгүүнүн негизги компоненттеринин бири катары каралууда. Манас шаарында ар бир тургун – социалдык абалына, жашына, ден соолугунун абалына же жашоо шартына карабастан – коомдук турмуштун толук кандуу катышуучусу катары сезе турган ачык жана жеткиликтүү шаардык чөйрөнү түзүүгө умтулат.

2025-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Манас шаарынын социалдык өнүктүрүү органдарында 3572 аз камсыз болгон үй-бүлө катталган, бул 13113 адамды түзөт, анын ичинде 2334 ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар. 2024-жылга салыштырганда муктаж болгондордун санынын кыскаргандыгы оң тенденция катарында эсептелет – аз камсыз болгон үй-бүлөлөр 190ге, ал эми адамдардын саны- 297ге кыскарган Бул учурдагы колдоо көрсөтүү механизмдеринин натыйжалуулугу жогорулагандыгын, ошондой эле ишке ашырылып жаткан чаралардын натыйжалуулугун көрсөтөт.

Манас шаарынын мэриясынын алдында Кайрымдуулук борбору карыларга, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жана оор турмуштук кырдаалда турган балдарга жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүү үчүн шарттар түзүлгөн, борбор 2025-жылы:

- Манас шаарынын турмуш шарты оор, ден-соолугу начар, аз камсыз болгон (бир айда 70 адам) калктын социалдык катмарындагы шаар тургундарына жыл боюу күнүнө бир маал ыссык тамак-аш берилип келет;
- Бегилүү жашаган жери жок жарандарга 75,0 миң сомдук тамак- аш берилди;
- ВИЧ оорусу менен төрөлгөн наристелерге 560,0 миң сомдук кургак сүт алынып берилди;
- Манас шарынын мэриясына жазган арыздардын негизинде 1,0 миң сомдон 5,0 миң сомго чейинки берилүүчү материалдык жардамдан, 69 адамга ар кандай суммада 300,0 миң сом акчалай материалдык жардам которулуп берилди жана аз камсыз болгон жарандарга кыш мэзгилине көмүр менен камсыз кылуу максатында 70 жаранга 3,0 миң сомдон 210,0 миң сом которулду;
- Манас шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында каттоодо турган майып адамдар каза болгон учурда сөөк жашырган туугандарына төлөнүүчү жөлөк пул 100,0 сом которулуп берилди;
- Манас шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында каттоодо турган көзу азиз угуу сезими начар адамдардын үй-телефондорунун абоненттик төлөмүнө 1 телефонго 103,74 тыйындан 75,0 миң сом төлөнүп берилди;
- 1-июнь Эл-аралык балдарды коргоо күнүнө карата мүмкүнчүлугү чектелген 18 жашка чейинки 1062 балага 500сомдон 531,0 миң сом ал эми ата-энесиз калган 40 балага 40,0 миң сом которулуп берилди.

Кургак учук менен ооруган балдар бөлүмүнө 20,0 миң сом, нервтен жабыркаган балдар үйүнө 30,0 миң сом, “Бакыт” реаблитациялык борборуна 30,0 миң сом, “Ак-Жол” балдар үйүнө 50,0 миң сом, областтык балдар ооруканасына 20,0 мин сом акча каражаттары материалдык жардам катары которулуп берилди.

Борбордо мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн реабилитациялык кызматтар көрсөтүлүп, алардын ден-соолугун чыңдоо жана коомго аралашуусуна жардам берүү максатында комплекстүү иш аракеттер жүргүзүлүп келет. Балдар менен ата-энелер да активдүү катышат. Социалдык адистер, логопед, психолог иш алып барат.

Соц адис, жумасына 3 жолу майыптыгы бар 5-6 баланы кабыл алат, бобат -терапияга 2-3 балага үйүнө барат.

Логопед жумасына 2 жолу 2 -3 баланы кабыл алат. Айына 10 – 12 бала кабыл алынат, ата энелердин эсебинен каржыланат.

Соц педагог жумасына 2 жолу 3- 4 баланы кабыл алат. Айына 14 -15 бала кабыл алынат, ата -энелердин эсебинен каржыланат

Массажист жумасына 2 жолу 4 баланы кабыл алат. Айына 14- 15 бала кабыл алып , ал дагы ата -энелердин эсебинен каржыланат.

Майыптуулугу бар балдардын апаларына, 15 энеге масажды үйрөнүү, балдардын тилин сүйлөө кебин өнүктүрүү боюнча мастер класстар уюштурулду жана психологдун кеңеши берилди. Аутизим балдардын ата- энелеринен 200 апага балдар менен кантип иштөө тууралуу семинар өткөрүлдү.

Манас шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы тарабынан 2022-2025-жылдары Манас шаарында 584 үй-бүлө жалпы суммасы 56 млн.450 мин сом социалдык контракт берилди.

Азыркы учурда Манас шаарында ата-энесинин камкордугусуз калган жана турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарга, Жалал-Абаддагы "Ак-Жол" балдар үчүн комплекстүү реабилитациялоо борбору жана Жалал-Абад областтык балдардын психоневрологиялык социалдык стационардык мекемелери иш алып барат. Андан сырткары шаардын аймагында 4 багып алуучу (Фостер) үй-бүлө бар, алардын 2 үй-бүлөдө 4 бала тарбияланууда.

Бирок бул чөйрөдө төмөнкүдөй бир катар көйгөлөр калууда:

- калктын мобилдүүлүгү чектелген топтору үчүн шаардык инфраструктуранын жеткиликтүү эместиги;
- майыптуулугу бар адамдар үчүн реабилитациялык борборлордун жетишсиздиги;
- аярлуу катмардагы адамдардын иш менен камсыз болуу мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгендиги;
- карылар жана ардагерлер үчүн геронтологиялык борбору жоктугу.

**Инклюзивдик өнүгүүнүн көйгөйлөрүнүн чечүү жолдору:**

**Саламаттыкты сактоо инфраструктурасын өнүктүрүү:**

- 250 орундуу Түштүк аймактык жүрөк-кан тамыр хирургиясы илимий борборун куруу.
- Жалал-Абад облустук клиникалык ооруканасынын 280 орундуу жаңы корпусун куруу.
- Фельдшердик-акушердик пункттарды (ФАП) куруу.

**Аярлуу катмардагы жарандарды колдоо:**

- Геронтологиялык борборго реабилитациялык корпус куруу жана ардагерлерге даректүү жардам көрсөтүү.
- Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга жана жалгыз бой кары-картаңдарга азык-түлүк жана материалдык колдоо уюштуруу.
- Үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган аялдар жана аз камсыз болгондор үчүн кризистик борбор ачуу.

**Инклюзивдик чөйрөнү түзүү:**

- Мектептерде инклюзивдик класстарды түзүү, мугалимдерди окутуу жана атайын жабдуулар менен камсыз кылуу.

- Мамлекеттик жана муниципалдык имараттарга пандустарды орнотуу жана коомдук жайларды жеткиликтүү стандартка келтирүү.
- Мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды жумушка орноштуруу боюнча долбоорлорду ишке ашыруу.

**Балдардын укугун коргоо:**

- Кооптуу абалдагы балдарды аныктоо жана үй-бүлөлөргө психологиялык-укуктук жардам берүү.
- Мыйзамсыз иштерди жасаган жана зомбулукка кабылган балдар үчүн атайын борбор түзүү.

**Коомдук демилгелер:**

- Инклюзивдик маданиятты жайылтуу боюнча форумдарды, тегерек столдорду жана маалыматтык кампанияларды өткөрүү.
- Мамлекеттик эмес уюмдар жана кайрымдуулук борборлору менен биргеликте социалдык долбоорлорду ишке ашыруу.

**5.3. Инклюзивдик өнүгүү муктаждыктарына анализ жүргүзүү**

| Артыкчылык | Мүмкүн болуучу чаралардын жана долбоорлордун жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр |
|---|---|---|
| **Инклюзивдик өнүгүү** | • Ардагерлер жана карыялар үчүн Геронтологиялык борборун куруу;<br>• Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган балдары бар аялдар үчүн жардам борборун куруу;<br>• Манас шаарынын социалдык жактан аялуу жана аз камсыз болгон тургундары үчүн даректүү социалдык жардам алуу жол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүү<br>• Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн инфраструктуралык объекттерге жана билим берүү мекемелерине | Социалдык кызматтардын жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жакшыртуу. Иш-чараларды 2026–2030-жылдар аралыгында этап-этабы менен ишке ашыруу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жеткиликтүү шарттарды түзүү<br>• Инклюзивдик программаларды ишке ашырууда өкмөттүк эмес уюмдар, коммерциялык түзүмдөр жана кайрымдуулук фонддору менен өнөктөштүктү өнүктүрүү<br>• Жеке секторду жумуш орундарын түзүүгө, жеткиликтүү технологияларга инвестиция салууга жана социалдык ишканаларды өнүктүрүүгө тартуу<br>• Туруктуу жашаган жери жок адамдар үчүн Кайрымдуулук борборунун алдында шаардык реабилитациялык борборду куруу жана жабдуу | | |

## 6-БӨЛҮМ. МЕЙКИНДИК

### 6.1. (таблица) Мейкиндик

| Категория | *факт* | | | *күтүлг өн.* | *прогноз* | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** | **2028 ж.** | **2029 ж.** | **2030 ж.** |
| Аймактын жалпы аянты (га) | 1818,5 | 21861 | 21861 | 21861 | 21861 | 21861 | 21861 | 21861 |
| **Жер категориялары (га):** | | | | | | | | |
| Айыл чарба жерлери (бардыгы): | 1818,5 | 5244 | 5244 | 5244 | 5244 | 5244 | 5244 | 5244 |
| анын ичинде айдоо аянттары | 1073,5 | 4120,5 | 4120,5 | 4120,5 | 4120,5 | 4120,5 | 4120,5 | 4120,5 |
| сугарылбаган | 21,5 | 1161,5 | 1161,5 | 1161,5 | 1161,5 | 1161,5 | 1161,5 | 1161,5 |
| сугат айдоо жерлер | 164 | 2092 | 2092 | 2092 | 2092 | 2092 | 2092 | 2092 |
| анын ичинде жайыттар | 745 | 6401 | 6401 | 6401 | 6401 | 6401 | 6401 | 6401 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| анын ичинде жеке | 888 | 2842 | 2842 | 2842 | 2842 | 2842 | 2842 | 2842 |
| анын ичинде АЖМФ | 262,5 | 925 | 925 | 925 | 925 | *925* | *925* | *925* |
| анын ичинде иш жүзүндө колдонулган | 1468,5 | 20211 | 20211 | 20211 | 20211 | 20211 | 20211 | 20211 |
| анын ичинде колдонулбаган (баланс) | 350 жайыт | 1650 жайыт | 1650 жайыт | 1650 жайыт | 1650 жайыт | 1650 жайыт | 1650 жайыт | 1650 жайыт |
| Өнөр жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлер (бардыгы): | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Иш жүзүндө колдонулган | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Колдонулбаган (баланс) | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Калктуу конуштун жерлери (бардыгы): | - | - | - | - | - | - | - | - |
| анын ичинде турак жай курулушу | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Иш жүзүндө колдонулган | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Колдонулбаган (баланс) | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын (ӨКЖА) жерлери | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Токой фондусунун жерлери | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Суу фондусунун жерлери | 34 | 34 | 34 | 34 | 34 | 34 | 34 | 34 |
| Запастагы жерлер: | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Иш жүзүндө колдонулган | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Колдонулбаган (баланс) | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Аймактын айыл чарба жерлеринин жалпы аянтындагы | - | - | - | - | - | - | - | - |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| иш жүзүндө пайдаланылуучу айыл чарба жерлеринин үлүшү (%) | | | | | | | | |
| Инженердик инфраструктура менен камсыздалган турак жай куруу үчүн арналган жер участокторунун аянтынын үлүшү (%) | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Инженердик инфраструктура менен камсыз кылынган өндүрүштү жайгаштыруу үчүн арналган жер участокторунун аянтынын үлүшү (%) | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Категория боюнча пайдаланылбаган же кошумча жерлерди пайдалануу зарылдыгынын прогнозу (га): | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Айыл чарба жерлери | - | 2760,62 | 5521,24 | 5521,24 | 5521,24 | 5521,24 | 5521,24 | 5521,24 |
| Өнөр жай, транспорт, байланыш, коргоо жерлери жана башка багыттагы жерлер (бардыгы) | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Калктуу конуштун жерлери (турак жай курулушу) | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Токой фондусунун жерлери | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Суу фондусунун жерлери | 34 | 34 | 34 | 34 | 34 | 34 | 34 | 34 |

**6.2. Учурдагы кырдаалга анализ жүргүзүү**

Манас шаарында жалпы жер аянты 21 861 гектар.

Шаардын айыл чарба багытындагы жерлери 5 244 гектарды түзөт, анын ичинде негизги үлүштү 4 120,5 гектар менен айдоо аянттары ээлейт. Өзгөчө белгилей кетчү нерсе, айдоо жерлеринин 2

092 гектары сугат жерлер болсо, 1 161,5 гектары сугарылбаган (кайрак) жерлерге туура келет. Жайыттардын аянты 6 401 гектар. Ал эми 797.5 гектар кунарсыз жер болуп эсептелинет.

Шаарда чакан жана орто бизнести өнүктүрүү максатында коммерциялык багыттагы жер тилкелерине да муктаждык бар. Соода борборлорун, өндүрүштүк жайларды, тейлөө кызмат көрсөтүү объектилерин жана башка ишкердик объекттерди куруу үчүн ылайыктуу инфраструктурасы бар жер тилкелерине суроо-талап өсүүдө. Бул өз кезегинде шаар экономикасынын өнүгүшүнө оң таасирин тийгизгени менен, жеткиликтүү жер ресурстарынын чектелүү болушу айрым кыйынчылыктарды жаратууда.

Ошентип, Манас шаарында жеке турак-жай куруу үчүн да, бизнес багытындагы объекттерди жайгаштыруу үчүн да жер тартыштыгы бар.

- Манас шаарында аймактарды пайдалануу жана курулуш жүргүзүү тартибин жөнгө салган укуктук зоналаштыруу эрежелери колдонулат. Аталган эрежелер шаар куруу документациясынын негизинде белгиленип, ар бир аймактын функционалдык багытын (турак-жай, коомдук-ишкердик, өндүрүштүк, рекреациялык ж.б.) аныктайт.

Ошону менен бирге белгилеп кетүүчү жагдай — мэрия өз алдынча укуктук зонаны өзгөртүү укугуна ээ эмес. Зоналаштырууга өзгөртүү киргизүү маселеси тиешелүү тартипте даярдалып, негиздемелери менен Манас шаардык депутаттар кеңешинин кароосуна сунуш катары гана жөнөтүлөт. Акыркы чечим шаардык кеңеш тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык кабыл алынат.

**6.3. Мейкиндик планынын элементтери**

| **Мейкиндик планын өзгөртүүдөгү чаралар же ниеттер:** | **Күтүлгөн жыйынтыктар:** | |
|---|---|---|
| Муниципалдык менчиктеги жер аянттарына мыйзамсыз чыгып кеткен жарандарга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Жолду кеңейтүү, асфальт басуу жумуштары убагын көп катталган жагдай. Жарандарга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен тосмолор бузулат, жолдор кеңйтилип талаптагыдай болот. | |
| Манас шаарында унаа агымынын көбөйүшүнө байланыштуу борбордук көчөлөрдү реконструкциялоо, кошумча унаа токтотуучу жайларды уюштуруу. Мындан тышкары, коомдук транспорт каттамдарын оптималдаштыруу жана коопсуз жөө жүрүүчү өтмөктөрдү көбөйтүү пландалууда | Жогоруда көрсөтүлгөн чараларды ишке ашыруунун натыйжасында Манас шаарында транспорт кыймылынын өткөрүмдүүлүгү жогорулап, унаа тыгындары азаят. Борбордук көчөлөрдүн реконструкцияланышы жол коопсуздугун жакшыртып, жол кырсыктарынын санын кыскартууга өбөлгө түзөт.<br>Кошумча унаа токтотуучу жайлардын уюштурулушу жол жээгиндеги башаламан токтотууларды азайтып, шаар борборундагы тартипти жана кыймылдын ылдамдыгын камсыз кылат.<br>Коомдук транспорт каттамдарын оптималдаштыруунун негизинде жүргүнчүлөр үчүн ыңгайлуулук жогорулап, убакыт үнөмдөлөт жана жеке автоунааларга болгон көз карандылык кыскарат. Ал эми коопсуз жөө жүрүүчү | |

| | | |
|---|---|---|
| | өтмөктөрдүн көбөйтүлүшү жарандардын, айрыкча балдардын жана улгайган адамдардын коопсуздугун камсыз кылып, жалпы шаардык чөйрөнүн сапатын жакшыртат. | |
| Шаарда спорттук аянтчаларды, балдар ойноочу жайларды көбөйтүү, маданий иш-чараларды өткөрүү үчүн ачык аянтчаларды түзүү жана коомдук мейкиндиктерди заманбап форматта уюштуруу каралууда | Манас шаарында жашоо сапаты жакшыртылат, тургундардын дене-чыгыш жана социалдык активдүүлүгү көбөйөт. Спорттук аянтчалар жана балдар ойноочу жайлар калктын ден соолугуна оң таасир этет, жаш балдар жана жаштар үчүн коопсуз жана кызыктуу чөйрө түзүлөт.<br>Ачык аянтчалар жана маданий иш-чаралар үчүн коомдук мейкиндиктердин пайда болушу шаар тургундарынын маданий жана социалдык интеграциясын жогорулатып, коомдук турмушту жандандыра | |

**7-БӨЛҮМ. АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ**

**7.1. (таблица) Айлана-чөйрө**

| **Категория** | *факт* | | | *Күтүл гөн.* | *прогноз* | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2023 ж.** | **2024 ж.** | **2025 ж.** | **2026 ж.** | **2027 ж.** | **2028 ж.** | **2029 ж.** | **2030 ж.** |
| Жаратылышты коргоо зоналарынын, ӨКЖА, микрокоруктардын аянты (га) | | | | | | | | |
| Токойлор ээлеген аймак, анын ичинде жайылма токойлор (га) | | 600 | 600 | 600 | 600 | 600 | 600 | 600 |
| Токойлорду калыбына келтирүү (га) | | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Деградацияланган жайыттардын аянты (га) | | 1670 | 1670 | 1670 | 1670 | 1670 | 1670 | 1670 |
| Малдын жайытка болгон жүгү (1 айда 1 гектарга шарттуу малдын башынын саны) | | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Деградацияланган жайыттардын жалпы жайыт аянтына карата үлүшү (%) | | 26,1% | 26,1% | 26,1% | 26,1% | 26,1% | 26,1% | 26,1% |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Деградацияга дуушар болгон айыл чарба жерлеринин аянты (га) | | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Деградацияланган жайыттардын жалпы аянтына карата калыбына келтирилген жайыттардын үлүшү (%) | | 11,7 | 11,7 | 11,7 | 11,7 | 11,7 | 11,7 | 11,7 |
| Энергияны үнөмдөө. Кожолуктардын жылытуу үлүшү (%): | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | *100* | *100* | *100* |
| борбордук жылытуу | 5,8 | 6,2 | 7,8 | 12,1 | 15 | *17,5* | *20* | *22* |
| электр энергиясы | 36,1 | 35 | 31,4 | 29 | 25,7 | *21,5* | *19,2* | *17,1* |
| газ | 10,1 | 11,7 | 14,4 | 18 | 22 | *26* | *28* | *30* |
| меш жылытуу | 48 | 47,1 | 46,4 | 40,9 | 37,3 | *35* | *32,8* | *30,9* |
| башка орнотуулар | - | - | - | - | - | - | - | - |
| башка кайра жаңылануучу булактар же энергияны үнөмдөөчү орнотуулар (мисалы, көпкө күйүүчү мештер ж.б.) | - | - | - | - | - | - | - | - |
| КТК полигондорунун саны (даана) | 1 | 1 | 1 | 1 | *1* | *1* | *1* | *1* |
| КТКны кайра иштетүү боюнча ишканалар же коңшу аймактардагы мындай ишканалар менен макулдашуу (бир.) | 0 | 1 | 1 | 1 | *1* | *2* | *2* | *3* |
| Санкцияланбаган полигондордун саны (бир.) | 1 | 1 | 1 | 1 | *1* | *1* | *1* | *1* |
| Кен казып алуу тармагынын объекттери (бир.) | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Экологиялык тобокелдиги жогору кен казып алуу | - | - | - | - | - | - | - | - |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| тармагынын объекттери (даана) | | | | | | | | |
| Тазалоочу курулмалар аркылуу өткөн саркынды суулар (%) | 98 | 99 | 100 | 100 | *100* | *100* | *100* | *100* |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| **7.2. Учурдагы кырдаалга анализ жүргүзүү** | | | | | | | | |

Муниципалдык менчикте турган имараттардын там баштарына күндүн нурун электроэнергияга айландыруучу панельдерди орнотуу.

Жер ресурстары. Аймакта айыл чарба багытындагы жерлер, калктуу конуштардын аймактары жана коомдук-ишкердик зоналар орун алган. Акыркы жылдары калктын өсүшүнө байланыштуу жер ресурстарына болгон басым жогорулаган. Ошого карабастан, жерлерди максаттуу пайдалануу жана мыйзамсыз курулуштарды алдын алуу боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Айыл чарба жерлеринин басымдуу бөлүгү иштетилүүдө, бирок айрым жерлерде сугат суусунун жетишсиздиги жана топурактын тузданууу коркунучу байкалат.

Жайыттар. ЖӨБ аймагындагы жайыттар негизинен мал чарбачылыгы үчүн пайдаланылат. Кээ бир тилкелерде ашыкча пайдалануунун натыйжасында өсүмдүк катмарынын жукаруусу жана деградация белгилери кездешет. Жайыттарды рационалдуу пайдалануу жана калыбына келтирүү чаралары көрүлүүдө.

Токой ресурстары. Аймакта ири токой массивдери жок, негизинен коргоочу жана декоративдик багыттагы жашылдандыруу тилкелери бар. Шаар ичинде жана анын айланасында жашыл аймактарды көбөйтүү максатында көчөт отургузуу иштери жүргүзүлүп келет.

Суу ресурстары. Аймак аркылуу агып өткөн дарыялар жана каналдар сугат жана чарбалык муктаждыктар үчүн пайдаланылат. Суунун көлөмү мезгилге жараша өзгөрүп турат. Жалпысынан суунун сапаты канааттандырарлык деп бааланат, бирок айрым учурларда тиричилик калдыктарынын жана агын суулардын таасири байкалат. Суу объектилерин коргоо жана тазалоо боюнча түшүндүрүү жана алдын алуу иш-чаралары жүргүзүлүүдө.

Жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү. Аймакта кеңири таралган талаа жана суу жаныбарлары кездешет. Кызыл китепке кирген сейрек кездешүүчү түрлөр боюнча такталган маалыматтар тиешелүү ыйгарым укуктуу органдар тарабынан жүргүзүлөт. Жалпысынан жапайы жаратылыш объектилери чектелүү көлөмдө сакталган.

Абанын сапаты. Шаар аймагында ири өнөр жай ишканалары жок болгондуктан, абанын сапаты салыштырмалуу туруктуу. Негизги булгануу булагы катары автотранспорт каражаттары эсептелет. Экологиялык абал жалпы алганда канааттандырарлык деп бааланат.

- **Жашылдандыруу жана көрктөндүрүү**:
  - Шаар аймагында скверлерди жана аллеяларды куруу.
  - Жалал-Абад санаториясына чыгуучу жолдун эки тарабына эс алуу аймактарын түзүү.
  - Жыл бою жашыл аймактарды өстүрүү үчүн «Кышкы бак» комплексин куруу.
  - Жашылдандыруу чарбасы үчүн атайын имарат жана күнөскана куруу.
- **Ирригация жана коргоо иштери**:

- Шаар көчөлөрүндөгү ирригациялык системаларды жакшыртуу (45 км лоток орнотуу).
- Жашыл аймактарды сугаруу максатында насостук станцияны, суу жөнгө салуучу резервуарды жана ирригациялык тармактарды куруу.
- Көк-Арт дарыясынын №10 жээк коргоочу тосмосун бекемдөө (1400 метр дамбаны калыбына келтирүү).

➢ **Тазалык жана калдыктарды башкаруу**:
  - «Тазалык» муниципалдык мекемесинин ишин жакшыртуу жана 520 даана атайын таштанды урналарын сатып алып орнотуу.

➢ **Энергетика жана экологиялык транспорт**:
  - 20 га жер тилкесине электр энергиясын алуу үчүн күн панелдерин орнотуу.
  - 50 даана электр автобустарын сатып алуу жана шаар тургундары үчүн коомдук каттамдарды уюштуруу.

➢ **Инфраструктура**:
  - Көп кабаттуу үйлөрдү жылуулук менен камсыздоо үчүн Жылуулук электр борборун (ЖЭБ) долбоорлоо жана куруу.
  - Коммуналдык чарба жана Жол башкармалыгы үчүн имараттарды, техникалар үчүн бастырмаларды жана кампаларды куруу.

**7.3. Экология маселелери**

| **Артыкчылык** | **Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр** |
|---|---|---|
| | | |
| Шаар аймагын жашылдандыруу иштерин жүргүзүү | Көчөттөр сатылып алынып, отургузалат | Шаар аймагында жашылдаруу иштери жүргүзүлөт |
| Жайыттарга көп жылдык үрөөндүн уруктарын себүү | Себилген өсүшүн көзөмөлгө алынат | Жайыттарга чөп, маселеси чечилет |
| Таштандылардан айлана-чөйрөнүн булганышын алдын алуу | Коомдук жайларда атайын таштанды урналарын орнотуу | Бала-бакчаларда, мектептерде, Фаптарда жана башка баардык коомдук жайларда таштанды урналарын уюштуруу |

**8-БӨЛҮМ Жергиликтүү бюджет**

**8.1. Ресурстарды талдоо жана жергиликтүү бюджетти түзүү маселелери**

**Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү.**

Жалпысынан 2023-жылга Манас шаарынын жалпы чыгашалары 2 721,5 млн сомго такталып, 2 470,5 млн сомго аткарылды же 90,8%ды түздү. Анын ичинен республикалык бюджеттен жана турукташтыруу фондунан бөлүнгөн каражаттар 1 797,0 млн сомду түзүп, 1 669,2 млн сомго өздөштүрүлдү.
Ал эми 2024-жылга жалпы чыгашалары 3 271,9 млн сомго такталып, 2 810,1 млн сомго аткарылды же 85,9%ды түздү. Анын ичинен республикалык бюджеттен жана турукташтыруу фондунан бөлүнгөн каражаттар 2 005,4 млн сомду түзүп, 1 699,0 млн сомго өздөштүрүлдү.

4-таблица. Жалпы жергиликтүү бюджеттин 2023-2024-жылдарга чыгашасы.


| № | Бөлүмдөр | Такталган план | Факт | Такталган план | Факт |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 2023-жыл | | 2024-жыл | |
| | **Жалпы чыгашалар,** *анын ичинен:* | **2 721,5** | **2 470,5** | **3 271,9** | **2 810,1** |
| | *Жергиликтүү бюджет* | *924,5* | *801,3* | *1 266,5* | *1 111,1* |
| | *Башка булактар (Максаттуу трансферттер, Турукташтыруу фонд)* | *1 797,0* | *1 669,2* | *2 005,4* | *1 699,0* |
| 1 | **Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар,** *анын ичинен:* | **111,9** | **97,6** | **146,5** | **138,6** |
| | *Жергиликтүү бюджет* | *91,4* | *77,1* | *143,9* | *136,0* |
| | *Башка булактар (Максаттуу трансферттер, Турукташтыруу фонд)* | *20,5* | *20,5* | *2,6* | *2,6* |
| 2 | **Коргоо,** *анын ичинен:* | **4,1** | **3,5** | **4,5** | **3,8** |
| | *Жергиликтүү бюджет* | *4,1* | *3,5* | *4,5* | *3,8* |
| | *Башка булактар (Максаттуу трансферттер, Турукташтыруу фонд)* | | | | |
| 4 | **Экономикалык маселелер,** *анын ичинен:* | **2 020,6** | **1 851,9** | **2 383,3** | **1 987,2** |
| | *Жергиликтүү бюджет* | *263,8* | *222,8* | *391,8* | *298,3* |
| | *Башка булактар (Максаттуу трансферттер, Турукташтыруу фонд)* | *1 756,8* | *1 629,1* | *1 991,5* | *1 688,9* |
| 6 | **Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр,** *анын ичинен:* | **346,7** | **305,3** | **443,9** | **414,4** |
| | *Жергиликтүү бюджет* | *331,0* | *289,6* | *437,0* | *407,5* |
| | *Башка булактар (Максаттуу трансферттер, Турукташтыруу фонд)* | *15,7* | *15,7* | *6,9* | *6,9* |
| 8 | **Эс алуу, спорт, маданият жана дин,** *анын ичинен:* | **37,8** | **34,3** | **66,7** | **57,6** |
| | *Жергиликтүү бюджет* | *37,3* | *33,8* | *66,7* | *57,6* |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | *Башка булактар (Максаттуу трансферттер, Турукташтыруу фонд)* | *0,5* | *0,5* | | |
| **9** | **Билим берүү,** *анын ичинен:* | **189,0** | **167,4** | **214,6** | **197,5** |
| | *Жергиликтүү бюджет* | *185,6* | *164,0* | *210,2* | *196,9* |
| | *Башка булактар (Максаттуу трансферттер, Турукташтыруу фонд)* | *3,4* | *3,4* | *4,4* | *0,6* |
| **10** | **Социалдык коргоо,** *анын ичинен:* | **11,5** | **10,7** | **12,5** | **11,1** |
| | *Жергиликтүү бюджет* | *11,4* | *10,6* | *12,5* | *11,1* |
| | *Башка булактар (Максаттуу трансферттер, Турукташтыруу фонд)* | *0,1* | *0,1* | | |

3-диаграмма. **2023-жылга** карата шаардын чыгашалары (*Республикалык жана Турукташтыруу фондунан бөлүнгөн каражаттарды кошпогондо*).




4-диаграмма. **2024-жылга** карата шаардын чыгашалары (*Республикалык жана Турукташтыруу фондунан бөлүнгөн каражаттарды кошпогондо*).




Шаардык бюджеттин чыгашаларынын басымдуу бөлүгү экономикалык маселелерге, тактап айтканда курулуштарга (27-28%) жана турак жай-коммуналдык чарбага (36-37%) жумшалат. 2022-2023-жылдарды алганда жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү 12%га өскөн, ал эми 2024-жылы аймактык-территориялык реформанын алкагында Манас шаарына бир катар аймактар кошулуп, чыгаша бөлүгү 2023-жылга салыштырмалуу 39%га көбөйдү.


**§ Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн 2026-2030-жылдарга болжолу.**

2022-жылдан 2025-жылга чейинки мезгил аралыгын анализдеп көргөндө, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн орточо өсүү темпи 11-15%ды түзүүдө.

Келээрки жылдары шаар аймагында көптөгөн инфраструктуралык өзгөрүштөр күтүлүүдө, атап айтканда шаардык аэропортту көчүрүү жана анын ордунда көптөгөн социалдык, экономикалык долбоорлорду ишке ашыруу; жаңы эл аралык аэропорт куруу; жаңы муниципалдык базардын куруу иштерин аягына чыгаруу жана ишке киргизүү; эл аралык Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолдун курулушу ж.б.

Жогорудагы аталган долбоорлор шаардын экономикасына түздөн-түз таасирин тийгизип, жергиликтүү бюджеттин өсүүсүнө негиз болот.

5-таблица. Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн 2026-2030-жылдарга болжолу.


2400
2200
2000
1800
1600
1400
1200
1000
1 448,9
1 578,8
1 720,9
1 875,7
2 044,5
2026-жыл
2027-жыл
2028-жыл
2029-жыл
2030-жыл